Бекитемин
Мектеп директору: Саякбаева Н.Ш.
_________ 2022-жыл

**Итикул Молдобаев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин акыркы 5 жыл ичиндеги окуу процесинин мониторинг-анализи боюнча маалыматы.**

Итикул Молдобаев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинде 2022-2023-окуу жылында 122 окуучу 2 сменада билим алып жатышат . Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Баардыгы 12 класс комплект. Жаш муундарга жеткиликтүү билим берүүдө 23 жогорку билимдүү , 3 мугалим орто кесиптин кызматкерлери, алардын ичинде 4 мугалим «Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги»төш белгиси менен сыйланган, 2 мугалим КР нын билим беруу министрлигинин ардак грамотасы менен сыйланган.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги тарабынан бекитилген окуу пландын негизинде мектептин окуу планы түзүлүп, иш аткарылып жатат.

2022-2023- окуу жылынын окуу планы:
1-4-класс базистик вариант
5-9- класс базистик вариант
10-11- класс базистик вариант

Мектептеги билим берүү программаларынын мазмуну Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келет. Базистик окуу планынын негизинде сабактардын жүгүртмөсү түзүлгөн.
Окутуу: 2 сменде жүргүзүлөт.
1- смена: $1^а$-$1^б$-5-9-10-11-класстар, саат 8:00-13:00 чейин
2-смена: 2-3-4-6-7-8-класстар, саат 13:15-18.15 чейин
2022-2023-окуу жылынын базистик окуу планындагы түшүндүрмө каттын негизинде окуучулардын эс алуу каникулунун графиги коюлган.

Каникулдардын узактыгынын мөөнөтү төмөнкү тартипте белгиленген: Күзгү каникул-7 күн, 2022-жылдын 31-октябрынан 6-ноябрга чейин, сабак 2022-жылдын 7-ноябрда башталат; кышкы-12 күн, 2022-жылдын 30-декабрынан 2023-жылдын 10-январына чейин, сабак 2023-жылдын 11-январында башталат; жазгы-9 күн, 2023-жылдын 20-мартынан 29-мартына чейин, сабак 2023-жылдын 30-мартында башталат.

Мектеп билим берүү программаларынын өз максаттарына жетүүсүн жана окуучулардын билим денгээлин жогорулатуу үчүн мониторингдер жүргүзүлүп,бааланып турат. Мектептеги окуучулардын билим сапатын текшерүү чейрек сайын өтүлөт.

Мектептеги билим берүү программаларын иштеп чыгууга, бекитүүгө, мониторингдөөгө жана мезгили менен баалоонун чен өлчөмдөрү коюлган:
Мектептин миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талабына ылайык максаттары коюлган Стандартка ылайык окуу жүктөмдөрү түзүлгөн. Мониторинг жүргүзүү (жетишуу катышуу ,билимин баалоо) мониторингдердин жана баалоонун жыйынттыктарын бардык кызыктар тараптар менен бирге талдап талкууланат.

Жалпы билим берүүчү класстарда өздөштүрүүсү жана жетишүүсү начар балдар менен жекече иш жүргүзүлөт. Билим берүү мыйзамдарын аткарууда «Окутуунун инновациялык ыкмаларын пайдалануу менен окуучулардын билим денгээлин көтөрүү» деген проблеманын негизинде мектеп иш алып барат:

Мектепте окуу – тарбия процесине ички көзөмөл жакшы жолго коюлган. Жылдык пландын негизинде директордук текшерүү иштер , билим сапатын текшерүүчү тестирлөөлөр, башталгыч класстардын окуучуларынын билим сапатын текшерүүчү тестирлөөлөр ,башталгыч класстардын окуучуларынын билим сапатын ,окуу техникасын текшерүү системалуу түрдө өткөрүлүп ,анын жыйынтыгы мониторинг аркылуу ар бир чейрек, сайын чыгарылат.Чыгарылган жыйынттык боюнча ийгилик кемчиликтер директордун алдындагы жыйналышта , педагогикалык кенеште талкууланат.

2021-2022- окуу жылында мектепте 111/64 окуучу (11 класс – комплект ) билим тарбия алып,төмөндөгүдөй баскычтарга камтылган:

| № | Баскычтар | Класстар | Класстарынын саны | Окуучулардын саны |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 1 баскыч | 1-4-класстар | 4 | 53/29 |
| 2 | 2 баскыч | 5-9-класстар | 5 | 45/27 |
| 3 | 3 баскыч | 10-11класстар | 2 | 15/9 |

Мектептеги окуу-тарбиялоо процесин жөнгө салуучу төмөндөгү негизги укуктук нормативдик документтер бар (устав,локалдык актылар, жылдык план, штаттык расписание).

Шартуу түрдө локалдык актылар төмөдөгүдөй группаларга бөлүнөт:

- Башкаруу органдары жөнүндө,коомдук-профессионалдык бирикмелер жөнүндө жоболор (пед.кенеш жөнүндө жобо,ички көзөмөлдөө,метод бирикмелер,тартип комиссиясы,окуучулардын өзүн-өзү башкаруусу , педагогикалык консилиум).
- Структуралык бөлүктөрдүн ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу жоболор (китепкана)
- Окуу тарбиялоо процесинин катышуучуларынын укутарын жөнгө салуучу актылар (келишимдер, ата-энелер комитети жөнүндө жобо, ички эмгек эрежелери кызматтык инструкциялар, окуучулардын эрежелери)
- Массалык иш – чаралар ,конкурстар жөнүндө жоболор (предметтик жумалыктар жөнүндө, олимпиадалар жөнүндө, окуучулардын илимий коому, дежурстволор жөнүндө).


**2017- 2018- окуу жылынан тартып - 2021- 2022- окуу жылдарынын билим сапатынын салыштырмалуу мониторинги.**

Итикул Молдобаев атындагы жалпы орто билим берүү мектеби билим берүү мыйзамына, Кыргыз Республикасында билим берүүнү каржылоонун орто мөөнөттүү стратегиясы жана мектептин уставынын негизине ылайык иштейт.
«Окутууну, тарбия берүүнү жакшыртуу» планынын милдеттерине жараша кезектеги мониторинги жана мектептин ишмердүүлүгүнүн төмөнкү аспектилери негизделген»


1. Окуу планын аткаруу.
2. Окуучулардын жетишкендиктери.
3. Үйрөтүү, тарбия берүү жана окутуу.
4. Ресурстар.
5. ОТЖПны башкаруу жана ишке ашыруу.

**Итикул Молдобаев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин 2017- 2018- окуу жылынан тартып - 2021- 2022- окуу жылдарынын предмет аралык графикалык отчету төмөндөгүдөй сүрөттөлдү.**

| Предметтин аталыштары | 2017-2018-окуу жылы | 2018-2019-окуу жылы | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы | 2021-2022-окуу жылы |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз тили | 72% | 80% | 63% | 77% | 72% |
| Кыргыз адабияты | 81% | 80% | 75% | 77% | 78% |
| Орус тили | 58% | 53% | 63% | 66% | 52% |
| Математика | 44% | 56% | 48% | 42% | 38% |
| Чет тил | 66% | 51% | 42% | 58% | 68% |
| География | 78% | 69% | 54% | 71% | 78% |
| Биология | 89% | 68% | 79% | 69% | 72% |
| Химия | 44% | 39% | 46% | 54% | 42% |
| Физика | 55% | 48% | 48% | 56% | 57% |
| Информатика | 80% | 81% | 77% | 71% | 86% |
| Тарых | 51% | 66% | 53% | 52% | 42% |
| Билим сапаты | 65% | 63% | 59% | 63% | 62% |



| | 2017-2018-окуу жылы | 2018-2019-окуу жылы | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы | 2021-2022-окуу жылы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1-4-класстардын билим сапаты | 68% | 45% | 48% | 48% | 43% |
| 5-9-класстардын билим сапаты | 51% | 46% | 56% | 71% | 51% |
| 10-11класстардын билим сапаты | 52% | 44% | 36% | 53% | 59% |
| Окуучулардын жалпы саны | 104 | 107 | 119 | 108 | 111 |
| Ударниктердин саны | 34 | 42 | 49 | 36 | 16 |
| Отличниктердин саны | 21 | 21 | 17 | 16 | 26 |
| Кыздар | 62 | 60 | 63 | 56 | 65 |
| Эркектер | 42 | 47 | 56 | 52 | 46 |
| **Жалпы билим сапаты** | **61%** | **60%** | **55%** | **67%** | **54%** |




Мектеп КРнын Билим берүү жана илим министрлиги сапаттуу билим берүүгө жеткиликтүүлүктү кеңейтүү, окуу жана билим берүүчү технологияларынын мазмунун жаныртуу, ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатын койгон 2020 билим берүүнүн өнүгүү Стратегиясын жана КРнын өкмөтүнүн 2016-жылдын

15-ноябрындагы 590-токтомуна, Республиканын мектептик билим берүү системасына предметтик стандарттарды баскычтуу киргизүү боюнча иш – чаралардын планына ылайык милдеттердин максаттардын негизинде иш алып барууда.

Мектеп негизги компетентүүлүктөдүн тизмесин сабактарга колдонуу менен аларга жетүүнүн денгээлин, билим берүү тутумунун денгээлинде мектептин класстын жана айрым окуучулардын билиминин натыйжаларына баа берүү менен билим берүүдөгү уюштурууга жана методикалык өзгөртүүлөрдү киргизе алды.

Педагогикалык кадрлар предмети боюнча окуучунун курактык өзгөчөлүгүнө ылайык илимий жана практикалык негиздерди түзө алды. Компетентүүлүктүн негизинде окуучу мугалим маек кура билүүнү баарлашууну маңыздуу компромитерди издеп табууга жана окуучулардын өз алдынчалуулугун демилгелүүлүгүн, окуу ишмердигинде иштей билүү жөндөмүн өнүктүрүү жана коомго аралашуусуна маанилүү натыйжаларды бере алды десек болот.

Мугалимдер предмети боюнча окутуунун оптималдуу варианттарын жана интерактивдүү усулдарын пайдалануу менен сабак берүүнүн сапаты жакшы денгээлге көтөрүлдү. Сабактагы мультимедиалык каражаттардын кеңири колдонуусу учурдагы заманбап талаптар менен шайкеш келип окуучулардын сабакка болгон кызыгуулары артты. Мугалим ар бир сабактын планына максаттарды так коюп, сабак күтүлүүчү натыйжаны так берип, сабактын структурасын туура коюп, сабактын этаптарында компетентүүлүктөр аныкталып, баалоонун түрлөрү, кайтарым байланыш өңдүү түшүнүктөр менен сабактын өзөктүү маанилүүлүгүн аныкташты. Окутуунун негизги компетентүүлүктөрүн колдонуу билим берүү процессинин түзүмүн мазмунун уюштурулушун толугу менен өзгөртө алды. Сабакта биринчи кезекте окуучунун кызыкчылыгы, шыгы жана жөндөмдүүлүгү эске алынып предметтик компетентүүлүкө ээ болуу менен окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктердин топтому түзүлдү. Мугалимдер сахна - сабак, аукцион сабак,жарыш сабак, саякат сабак, талкуу сабак, диспут сабак, пресс конференция, сабак мозаика, топтордо иштөө, сабак лекция, диспут, тегерек стол, дебат ж.б предметтер боюнча сабактын формалары ар түрдүүлүккө ээ болду. Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруу максатында, билим багытында кароо сынактар, мелдештер, интелектуалдык таймаштар күч алды. Айта кетсек окуучулар арасында өтүлүүчү «Акыл ордо», «Манас таануу» интеллектуалдык, «Математикалык» таймаштары уюштурулган. Мектепте акы төлөнүүчү жана предметтик ийримдер иштейт. Мектепте акы төлөнүүчү ийримдер: 1) дене тарбия сабагы боюнча «Гимнастика» ийрими: булл ийримде «Мектеп лигасы» боюнча балдар командасы «Футбол» жана кы-здар командасы «Волейболл» ишке кирилип, алып барылат. 2) музыка сабагы боюнча «Квартет» бий-хор ийрими иш алып барат. 3) сүрөт сабагы боюнча «Сыйкыр калем» ийрими иш алып барат.

Ал эми предметтик ийримдер: Кыргыз адабияты предмети боюнча «Манас таануу», математика предмети боюнча «Пирамида», англис тили предмети боюнча «Useful», информатика предмети боюнча “WINDOWS”, физика предмети боюнча «Эврика», химия предмети боюнча «Chimstre», география предмети боюнча “Меридиан”, тарых предмети боюнча “Доор”, орус тили предмети боюнча “Лексикон” иш алып барышат.

## Мектептеги окуучулардын билим сапатын текшерүүдөгү 5-жылдык предмет аралык салыштырмалуу мониторинги төмөндөгүдөй:


### Кыргыз тили жана адабияты сабагынын берилиш абалы;

Кыргыз тили жана адабий окуу сабагынан 1-4-класстарына башталгыч класстарынын мугалимдери өздөрү берет. Ал эми жогорку класста үч мугалим бар алар кыргыз тили жана адабияты мугалимдери Ибрагимова Айжамал, Карасартов Марсбек, Мухамбет кызы Асем. Мектепте кыргыз тили сабагынын өтүлүшү жөнгө салынган, мугалимдер жогорку кесиптин ээлери. Кыргыз тили жана адабияты сабактарында көбүнэсе кыргыз тилинин активдүү формаларын колдонуп өтүүгө аракет кылат. Мектепте ар кандай сынактарды,кечелерди, көркөм окууга арналган кечелерди уюштурушат. Кыргыз тилинен окуучулар НЦТтестирлөөсүнөн жакшы көрсөткүчтөргө ээ болушат. Сабактар азыркы

замандын талабына ылайык интерактивдүү методдордун жардамы менен өтүлүп турат. Ибрагимова Айжамалдын окуучулары Республикалык ар кандай сынактарда

1-2-орундарды ээлеп келет жана олимпиадада жыйынтык берип келе жатат.

| **Мугалимдин аты – жөнү** | **2017-2018** | **2018-2019** | **2019-2020** | **2020-2021** | **2021-2022** |
|---|---|---|---|---|---|
| Кенжебаева Жанаркул | - | 57% | 69% | 51% | - |
| Биримкулова Рахатбү | 68% | 56% | 63% | - | - |
| Данияров Русланбек | - | - | - | 65% | 59% |
| Курманалиева Бурулсун | 68% | - | 60% | 57% | 60% |
| Ибраимов Кутман | 48% | 50% | - | - | 68% |
| Ибрагимова Айжамал | 49% | 57% | 62% | 56% | 45% |
| Карасартов Марсбек | 43% | 68% | 67% | 51% | 57% |
| Мухамбет кызы Асем | - | - | 52% | 68% | 55% |
| БИЛИМ САПАТЫ | 55% | 57% | 59% | 58% | 57% |





**Математика сабагынын берилиш абалы;**

Математика сабагынан 1-4-класстарына башталгыч класстарынын мугалимдери өздөрү берет. Ал эми жогорку класста эки мугалим эмгектенет математика мугалими Куштарбек кызы Гулзат жана Касмалиева Айнура. Касмалиева Айнура техниканы жакшы өздөштүргөндүктөн жаны технологияны колдонуп ар түрдүү ачык сабактарды, класстан тышкаркы иштерди көп өткөрөт. Келечекте жакшы, мыкты,алдынкы мугалимдердин бири болуп, мамлекетибиздин билим берүү чөйрөсүндө эмгеги зор болуп, жакшы салым кошот деп ишенебиз. 20202021-окуу жылында эки окуучусу Республикалык "Швет" математикасынын олимпиадасына катышып, 2-орунду ээлешип, диплом менен сыйланышкан. Быйылкы окуу жылында "PISA-25" мониторингине окуучуларды математика кружогун түзүп, даярдап жатат. Кийинки окуу жылдарында математика сабагынан мектептин билим сапатын жогорку денгээлге көтөрөт деп ишенебиз. Математика мугалими Куштарбек кызы Гулзат мектепте математика сабагынан 7-11-класстарга сабак берет жана мектепте көп жылдан бери эмгектенип келет.

Бул мугалим абдан чыгармачыл, өз кесибин сүйгөн мугалимдердин бири. Сабакты жакшы берет жана көп жылдан бери окуучуларды олимпиадага даярдап келе жатат.

Ал эми башталгыч класстарда математика сабагынын берилиш абалы жакшы, сабакты өздөштүрүүсү жай балдар менен мугалимдер өз алдынча иштешип, аяр мамиледеги балдар менен тыгыз байланышта болушуп, класстын билим сапатын жакшыртуунун үстүндө тынымсыз иштерди жүргүзүп турушат.

| **Мугалимдин аты – жөнү** | **2017-2018** | **2018-2019** | **2019-2020** | **2020-2021** | **2021-2022** |
|---|---|---|---|---|---|
| Кенжебаева Жанаркүл | - | 56% | 61% | 55% | - |
| Биримкулова Рахатбү | 60% | 58,9% | 46% | - | - |
| Данияров Русланбек | - | - | - | 56% | 47% |
| Курманалиева Бурул | 51,9% | - | 55,5% | 67,9% | 49% |
| Ибраимов Кутман | 62% | 69,5% | - | - | 52% |
| Касмалиева Айнура | 33% | 41% | 55,9% | 38% | 42% |
| Куштарбек кызы Гулзат | 49% | 51,5% | 44,9% | 36,9% | 44% |
| Жалпы: | 51% | 55% | 41% | 50% | 46% |





**Орус тили жана адабияты сабагынын берилиш абалы;**

Орус тили жана адабияты сабагынан үч мугалим эмгектенип келет Алар Байсейтова Кульмайрам, Сарыгулова Нурила, Мухамбет кызы Майрам. Бул мугалимдердин сабактары дайыма көрсөтмөлүү өтүшөт. Кыргыз мектеп болгондуктан окуучуларды сабагында орус тилинде сүйлөөсүн талап кылат.окуучулар сабактарга кызыгуу менен катышышат. Азыркы талаптын ылайыгына жараша сабактарды ар кандай сайддардан,

тесттерди жана платформаларды колдонуу менен өтүшөт. Темирбек кызы Майрам жаш мугалим болсо дагы тырышчаак, аракеттенүү менен эмгектенет.


| **Мугалимдин аты – жөнү** | **2017-2018** | **2018-2019** | **2019-2020** | **2020-2021** | **2021-2022** |
|---|---|---|---|---|---|
| Байсейтова Кульмайрам | 47,6% | 59,8% | 61% | 64,9% | 44,9% |
| Карымшакова Алмеиз | 48% | 67,9% | 72% | 58% | 78% |
| Сарыгулова Нурила | - | - | - | 78% | 43% |
| Темирбек кызы Майрамкүл | - | - | 52% | - | 69% |
| Билим сапаты | 48% | 63% | 62% | 67% | 58,7% |




**Чет тил (англис тили) сабагынын берилиш абалы;**

Англис тили сабагынан 3-4-класстарга Мухамбет кызы Асем сабак берет. Ал эми чоң класстарга 5-11-класстарга Акунсартова Айгүл. Англис тили сабагында интерактивдүү усулдарды колдонуу менен сабактарды кызыктуу өтүшөт. Окуучулар сабагында активдүү катышып, англис тилин өздөштүрүүгө аракет жасашат. Мугалим сабакта көрсөтмө куралдарын кенен колдонот. Окуучуларга кызыктуу сабактарды өтөт. Чет тил сабагынан кошумча иштерди алып барат. Ар кандай сырттан келген конкурс, иш чараларга окуучуларды активдүү катыштырып, орундарга ээ болуп келишет. 2021-2022-окуу жылында «Мыкты мугалим-2022» райондук кароо сынагына Акунсартова Айгул катышып, райондук билим берүү борборунун «Ардак Грамотасы» менен сыйланган жана ушул эле окуу жылында эн жакшы көрсөткүчтөрү менен мектептин «Мыкты мугалими» наминациясына ээ болгон.


| Мугалимдин аты – жөнү | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Акунсартова Айгул | 60% | 52% | 63% | 36% | 57% |
| Мухамбет кызы Асем | - | - | 52% | 64% | 61% |
| Жалпы; | 60% | 52% | 57,5% | 50% | 59% |




**Физика сабагынын берилиш абалы;**

Мектепте физика сабагынан Саякбаева Назира Шабданбековна сабак берет. Мгалим окуучуларга сабак өтүүдө интерактивдүү методдорду колдонот. Окуучуларга теориялык жактан берген сабактарына практикалык жактан түшүндүрмө берет. Сабагында салттуу усулдарды колдонуу менен да өтөт. Окуучуларга кызыктуу болуусу үчүн интерактивдүү тактадан интернет булактарын колдонуу менен практикалык сабактарды көрсөтөт. 2018-2019-окуу жылында «Биз- XXI кылымдын интеллектуалдарыбыз» эл аралык жаштар сынагында окуучулары жылда катышып, райондук турда 1-орунду, облустук турда 2-орунга ээ болуп, сыйлыктар менен сыйланып келишкен. Мугалим аракетчил, чыгармачыл.


| Мугалимдин аты – жөнү | Кл. | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Саякбаева Назира | 7-кл | 45% | 59% | 35% | 52% | 42% |
| Саякбаева Назира | 8-кл | 66% | 56% | 48% | 44% | 54% |
| Саякбаева Назира | 9-кл | 51% | 48% | 68% | 56% | 56% |
| Карымшаков Касымбек | 10-кл | 40% | 58% | 66% | - | - |
| Саякбаева Назира | 11-кл | 66% | 53% | 58% | 46% | 56% |
| Жалпы; | | 54% | 55% | 55% | 50% | 52% |




**Химия сабагынын берилиш абалы;**

Химия сабагынан Кенешбек кызы Нургул сабак берет. Жаш мугалим. Химия сабагынан лабороториялык кабинет жок болгондугуна байланыштуу мугалимдин химия сабагын өтүүсү татаалдыкты жаратат. Себеби лабороториялык каражаттар жана көрсөтмө куралдар аз. Мугалим кырдаалдан чыгыш үчүн интерактивдүү тактадан интернет булактарынан колдонуу менен химиялык реакциялардын жүргүзүлүшүн окуучуларга көрсөтөт. Жаш болсо дагы изденүүнүн үстүндө жакшы иштейт.

| Мугалимдин аты – жөнү | Кл. | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мамиева Ширин | 8-кл | 50.5% | 57.5% | 66% | - | - |
| Кенешбек кызы Нургул | 9-кл | - | - | 56% | 54.9% | 67.9% |
| Кенешбек кызы Нургул | 10кл | - | - | 46.5% | 67.8% | 63.8% |
| Кенешбек кызы Нургул | 11кл | - | - | 45.6% | 45.5% | 44.5% |
| Жалпы; | | 50,5% | 57,5% | 53,5% | 56% | 58% |





**Биология сабагынын берилиш абалы;**

Биология сабагынан Мамиева Ширин сабак берет. Сабагында ар кандай усулдарды, ыкмаларды колдонуу менен бирге окуучулардын биология сабагына болгон кызыгуусун

арттырууда интерактивдүү тактаны, Билим ТВканалындагы ар түрдүү ыкмаларды колдонуп өтөт. Сабактарын дайыма көрсөтмөлүү өтөт. Өз предметин эң мыкты билет.


| Мугалимдин аты – жөнү | Кл. | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мамиева Ширин | 6-кл | 62.5% | 68.5% | 76% | 78% | 63% |
| Мамиева Ширин | 7-кл | 71.5% | 67.5% | 76% | 68% | 57% |
| Мамиева Ширин | 8-кл | 60.5% | 68.5% | 56% | 67% | 61% |
| Мамиева Ширин | 9-кл | 54% | 48% | 66% | 78% | 74% |
| Мамиева Ширин | 10кл | 52% | 69% | 66.5% | 66% | 69% |
| Мамиева Ширин | 11кл | 72% | 68.5% | 75.6% | 78% | 66% |
| Жалпы; | | 62% | 65% | 69% | 72,3% | 65% |




**География сабагынын берилиш абалы;**

География сабагынан Шаршенбекова Таажыгул сабак берет. Жаш мугалим болсо дагы аракетчил. География сабагын чыгармачылык менен аракеттенип, изденүү менен өтөт. Ар дайым сабакта көрсөтмө куралдары глобус, географиялык, саясий, физикалык карталарды колдонуу менен теманы окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрөт. Келечекте окуучуларды олимпиадага даярдап, орундарга ээ болот деген ишеничтебиз.


| **Мугалимдин аты – жөнү** | **Кл.** | **2017-2018** | **2018-2019** | **2019-2020** | **2020-2021** | **2021-2022** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Шаршенбекова Таажыгул | **6-кл** | 65.5% | 74.5% | 72% | 59% | 49% |
| Шаршенбекова Таажыгул | **7-кл** | 66.5% | 65.5% | 70.9% | 66.9% | 56.9% |
| Шаршенбекова Таажыгул | 8-кл | 54.5% | 63.5% | 61.8% | 49% | 49% |
| Шаршенбекова Таажыгул | 9-кл | 56% | 56% | 42% | 65.9% | 55.9% |
| Шаршенбекова Таажыгул | 10кл | 76% | 66% | 41.5% | 67% | 67% |
| Шаршенбекова Таажыгул | 11кл | 45.5% | 47.5% | 42% | 58.5% | 48.5% |
| Жалпы; | | 60% | 62% | 55% | 49% | 54% |




**Информатика сабагынын берилиш абалы;**

**Информатика** сабагынан Бактыбек уулу Амантур сабак берет. Иш стажы 5 жыл. Информатика сабагынан окуучулар үчүн жеткиликтүү жана кызыктуу өтөт. Сабак өтүүдө ар кандай усулдарды көп колдонот. Мектепте 8 компьютер 2 проектор бар. Компьютерлердин саны окуучуларга жеткиликтүү эмес. Бирок ошого карабастан мугалим окуучуларга замандын талабына ылайык жаны интерактивдүү методдорду колдонуп сабак өтөт. Мугалим өз предметин эн жакшы өздөштүрө алат. Предметтик ийримин окуучуларга кызыктырып өтүп келет.


| Мугалимдин аты – жөнү | Кл. | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бактыбек уулу Амантур | 5-кл | - | - | 77% | 64% | 78% |
| Бактыбек уулу Амантур | 6-кл | - | - | 72% | 69% | 79% |
| Бактыбек уулу Амантур | 7-кл | - | - | 60.9% | 66.9% | 76.9% |
| Бактыбек уулу Амантур | 8-кл | - | - | 51.8% | 79% | 59% |
| Бактыбек уулу Амантур | 9-кл | - | - | 46% | 52% | 52% |
| Жалпы; | | - | - | 51,8% | 66% | 68% |




**Тарых сабагынын берилиш абалы;**

Тарых сабагынан Карбозова Гулнара сабак берет. Сабакты абдан кызыктуу өтүү менен ал сабакта ар кандай усулдарды колдонуп, сабакты жеткиликтүү түшүндүрөт. Сабактарынын үзүрлүү болуусу үчүн интернет булактарын кенен колдонот. Окуучуларды райондук олимпиадалардан ийгиликтерге жетишүү үчүн аракеттенип, окуучуларды кызыктыруу менен даярдап келет.

| Мугалимдин аты – жөнү | Кл. | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Карбозова Гулнара | 5-кл | 40.5% | 36% | 62% | 53% | 33% |
| Карбозова Гулнара | 6-кл | 41% | 57.5% | 32% | 30% | 30% |
| Карбозова Гулнара | 7-кл | 30.5% | 35.5% | 31.9% | 31.9% | 31.9% |
| Карбозова Гулнара | 8-кл | 30.5% | 33.5% | 31.8% | 30% | 30% |
| Карбозова Гулнара | 9-кл | 32% | 36% | 32% | 37.9% | 37.9% |
| Карбозова Гулнара | 10кл | 29.8% | 33.8% | 33% | 33% | 33% |
| Карбозова Гулнара | 11кл | 31% | 35% | 33% | 38,8% | 38,8% |
| Жалпы; | | 31% | 36% | 33% | 38% | 38% |




**Олимпиада**

Таланттуу жана жөндөмдүү окуучулардын тизмеси такталып, аларды мектеп ичинде өтүүчү олимпиадага даярдоо иш - чаралары өткөрүлдү. Предметтик мугалимдер олимпиадалык иштердин пландарын, тесттик иштерин түзүшүп, окуу бөлүм башчысы тарабынан текшерилди.

2021-жылдын 22-ноябрынан 24-ноябрына чейинки убакта мектепте жогорку класстардын жана үч усулдук бирикмелердин арасында төмөндөгү график аркылуу өттүлдү:

| № | Предмети | Күнү | Сааты | Комиссия мүчөлөрү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 22.11.2021 | 11:00 | Ибрагимова А<br>Карасартов М<br>Темирбек кызы М |
| 2 | Орус тили | 22.11.2021 | 14:00 | Байсейтова К<br>Сарыгулова Н<br>Ибрагимова А |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Англис тили | 22.11.2021 | 16:00 | Акунсартова А<br>Ибрагимова А<br>Карасартов М |
| 4 | Алгебра | 23.11.2021 | 11:00 | Куштарбек кызы Г<br>Касмалиева А<br>Мамиева Ш |
| 5 | Биология | 23.11.2021 | 13:00 | Мамиева Ш<br>Куштарбек кызы Г<br>Кенешбек кызы Н |
| 6 | Химия | 23.11.2021 | 15:00 | Кенешбек кызы Н<br>Мамиева Ш<br>Касмалиева А |
| 7 | Информатика | 24.11.2021 | 12:00 | Бактыбек уулу А<br>Мамиева Ш<br>Кенешбек кызы Н |
| 8 | Тарых | 24.11.2021 | 14:00 | Карбозова Г<br>Шаршенбекова Т<br>Касмалиев Н |
| 9 | География | 24.11.2021 | 16:00 | Карбозова Г<br>Шаршенбекова Т<br>Касмалиев Н |

олимпиадага жалпы 22 окуучу катышты жана төмөндөгү предметтер боюнча өттү, кыргыз тили,орус тили, алгебра, физика, химия, тарых, география, биология, чет тил, информатика.

Олимпиада окуучулардын фундаменталдык предметтерге болгон кызыгуусун арттыруу, жөндөмдүү балдардын инсандык чыгармачылыгынын өнүгүшүн камсыз кылуу жана бул предметтердин маанисин, кадыр-баркын жогорулатуу, окуучулардын чыгармачылыгын жана ой-жүгүртүүсүн өстүрүү, интеллектуалдык оозеки жана жазуу иштеринин калыптанышын, сабаттуулук деңгээлин көтөрүү максатында өткөрүлдү.

Мектептин турунан женип чыккан окуучулар райондук турга даярдалып, катышууга жиберилди.

**Акыркы 5 жыл ичинде олимпиадага катышуусу боюнча маалымат**

| № | *Республикалык олимпиада* | 2017/2018-окуу жылы (алган орду) | 2018/2019-окуу жылы (алган орду) | 2019/2020-окуу жылы (алган орду) | 2020/2021-окуу жылы (алган орду) | 2021/2022-окуу жылы (алган орду) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | - | - | - | - | - |
| 2 | Англис тили | - | - | - | - | - |
| 3 | Орус тили | - | - | - | - | - |
| 4 | Тарых | - | - | - | - | - |
| 5 | Математика | - | - | - | - | - |
| 6 | География | - | - | - | - | - |
| 7 | Физика | - | - | - | - | - |
| 8 | Биология | - | - | - | - | - |
| 9 | Химия | - | - | - | - | - |
| 10 | Информатика | - | - | - | - | - |

| № | *Областтык олимпиада* | 2017/2018-окуу жылы (алган орду) | 2018/2019-окуу жылы (алган орду) | 2019/2020-окуу жылы (алган орду) | 2020/2021-окуу жылы (алган орду) | 2020/2021-окуу жылы (алган орду) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | - | - | - | - | - |
| -2- | англис тили | - | - | - | - | - |
| 3 | Орус тили | - | - | - | - | - |
| 4 | Тарых | - | - | - | - | - |
| 5 | Математика | - | - | - | - | - |
| 6 | География | - | - | - | - | - |
| 7 | Физика | - | - | - | - | - |
| 8 | Биология | - | - | - | - | - |
| 9 | Химия | - | - | - | - | - |
| 10 | Информатика | - | - | - | - | - |


| № | *Райондук олимпиада* | 2017/2018-о куу жылы (алган орду) | 2018/2019- окуу жылы (алган орду) | 2019/2020- окуу жылы (алган орду) | 2020/2021-о куу жылы (алган орду) | 2021/2( уу жыл (алган |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | - | - | - | - | - |
| 2 | Англис тили | - | - | - | - | - |
| 3 | Орус тили | - | - | - | - | - |
| 4 | Тарых | - | - | - | - | - |
| 5 | Математика | - | - | - | - | - |
| 6 | География | - | - | - | - | - |
| 7 | Физика | - | - | - | - | - |
| 8 | Биология | - | - | - | - | - |
| 9 | Химия | - | - | - | - | - |
| 10 | Информатика | - | - | - | - | - |

| № | *Зоналдык олимпиада* | 2017/2018-о куу жылы (алган орду) | 2018/2019- окуу жылы (алган орду) | 2019/2020- окуу жылы (алган орду) | 2020/2021-о куу жылы (алган орду) | 2021/2( уу жыл (алган |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | - | - | | | |
| 2 | Англис тили | - | - | | | |
| 3 | Орус тили | - | - | | | |
| 4 | Тарых | 1 | - | | | |
| 5 | Математика | - | - | | | |
| 6 | География | - | - | | | |
| 7 | Физика | - | - | | | |
| 8 | Биология | - | - | | | |
| 9 | Химия | - | - | | | |
| 10 | Информатика | - | - | | | |

**ЖРТнын салыштыруу мониторинги.**

ЖРТгө бүтүрүүчүлөрдү даярдоо боюнча талыкпай, үзгүлтүксүз иш алып баруу жагы биздин мектептин негизги маселелеринин бири. Окуучуларды тестирлөөгө даярдоодо болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен мектеп менен жогорку окуу жайлары менен байланыш түзүү азыркы күндүн бирден бир талабы.

| *Акыркы 5 жылга карата маалыматы* | *2017/2018-окуу жылы* | *2018/2019-окуу жылы* | *2019/2020-окуу жылы* | *2020/2021-окуу жылы* | *2021/2022-окуу жылы* |
|---|---|---|---|---|---|
| ЖРТга катышкан бүтүрүүчүлөрдүн катышы | 8 | 5 | 5 | 9 | 7 |
| Билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн үн орточо көрсөткүчү | 178 | 156 | 156 | 158 | 126 |
| ЖРТда 110 баллдан жогору балл алган окуучулардын катышы | 100% | 60% | 80% | 62,5% | 42% |




**1.Алтын тамга**

Катышкан окуучу болгон жок.

**2. Өзгөчө күбөлүк.**

**Өзгөчө күбөлүк алган окуучу – 2**

**Методикалык иштердин уюштурулушу.**

Мектепте төрт усулдук бирикме иштейт.

1.”Башат” усулдук бирикмеси: (башталгыч класстардын мугалимдеринен түзүлгөн). Жетекчиси: Кенжебаева Жанаркүл.

2. “Тил чеберчилиги” усулдук бирикмеси. (кыргыз тили, орус тили, англис тили). Жетекчиси: Ибрагимова Айжамал.

3. “Сабат” усулдук бирикмеси. (математика, физика, биология, химия, информатика). Жетекчиси: Мамиева Ширин.

4. “Таалим” усулдук бирикмеси. (тарых, география, музыка, сүрөт, дене тарбия). Жетекчиси: Касмалиев Нурбеку.

Усулдук кенешмелерди мектептин усулчусу Куштарбек кызы Гулзат алып барат. Усулдук иштер атайын «Методикалык кенеш жөнүндө жобонун »жана «Методикалык бирикмелер жөнүндө жобонун» негизинде жүргүзүлөт.

Методикалык кенешме жаны методикалык ыкмаларды үйрөтүү менен алдынкы тажыйырбалуу мугалимдердин иштерин жыйылтат. Эн жакшы сабактын иштелмелерин чогултуп методикалык китептерди түзүшөт. Усулдук бирикмелердин иштеши үчүн шарттар түзүлүп берилген. Ар бир усулдук бирикмедеги бөлмөлөр усулдук колдонмолор техкаражаттар карталар схемалар көрсөтмө куралдар усулдук бурчтар менен жабдылган. Методикалык иштер жакшы жолго коюлган,жаш мугалимдерге усулдук жардам берүү, алдынкы мугалимдердин иш тажрыйбасын жайылтуу,предметтик декадаларды өз денгээлинде өткөрүү,ар жыл сайын жылдын эн мыкты мугалимин тандап чыгаруу,мугалимдерди мүмкүнчүлүккө жараша атайын квалификацияларын жогорулатуучу курстарга жөнөтүү сыяктуу иштер өз денгээлинде жүргүзүлүөт. Ар кандай усулдар менен тааныштыруу максатында методикалык кенешмелер өткөрүлүп турат.

Окутуу программасынын алкагында эффективдүү иш алып баруу үчүн окуу-методикалык комплекс иштелип чыккан.Нормативдик жана окуу методикалык иш кагаздары менен иш алып баруу жакшы жолго коюлган:

-мамлекеттик билим берүү стандарты;

- жумушчу окуу планы;
- жумушчу окуу программасы;
- тематикалык пландар;

Мектептин ишинде окуу жана методикалык адабиятттар кеңири колдонулат:

- инструкциялык карталар, сөздүктөр;
- көрсөтмө куралдар;
- окутуунун техникалык каражаттары жана практиаклык ишмердүүлүгү үчүн атайын каражаттар.

Талапка ылайык, азыркы учурда окуучулардын социалдык, коммуникативдик ишмердүүлүктөрүн уюштуруу, маалыматтык компетенттүүлүгүн калыптандырууга басым коюлат. Окуучулар менен кайтарым байланыш түзүү, кызматташтыкта иштөө, өз алдынча ишмердүүлүктөрүн аткаруу, окутуунун активдүү формаларын жана технологияларын колдонуу методикалык кеңештин маанилүү маселелери болуп келет.

Компетенттүү окутуу жаатында мугалимдердин билимдерин жана компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу башкы милдеттердин бири. Ушул жаатта мектепте 4 усулдук бирикменин иш алып баруусу каралган. Негизги максаты: мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатууда усулдук жардам алуу жана кайтарым байланыш түзүү болуп эсептелет.

Мектептин усулдук кеңеши төмөндөгүдөй багыттарда иш алып барат:

« Мугалимдердин билимдерин жана компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу максатында тематикалык-семинарларды, тренингдерди, конференцияларды, тегерек столдорду, педагогикалык окууларды өткөрүү менен мугалимдердин кесипкөйлүгүн жогорулатуу» Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу,алдынкы тажрыйбаларды жайылтуу максатында предметтик жумалыктарды,декадаларды өткөрүү;

> Педагогикалык тажрыйбаны жайылтуу жана басма сөзгө жарыялоо;

Бул багытта өткөрүлгөн иш-чаранын негизинде мугалимдердин иштелмелери, отчеттук журналдары, педагогикалык устаканасы чыгарылат.

- Мектеп окуучуларынын куржактык өзгөчөлүгүнө ылайык педагогикалык жатыкккан адамзаттын илимий жана практикалык жетишкендиктеринин негизги өзөгүн өздөштүрөт.
- Ийгиликтүү социалдаштыруу максатында жарандык маданиятты, толлеранттуулукту өз укуктарын коргой билүүнү калыптандырат
- Окуучуларда өз алдынчалуулукту, демилгелүүлүктү жана өзүн тыкан алып жүрүү жөндөмдүүлүгүн тарбияланат.
- Окуу ишмердигинде багыт алып жана иштей билүү жөндөмүн өнүктүрүү ар бир баланын коомго аралашуусу жана билим алуусуна бирдей укуктарды берүү милдеттер аткарылып келет.

Итикул Молдобаев атындагы жалпы орто билим берүү мектеби усулдук бирикменин окуу жылынын башталышы менен УБнын иштери: УБ мүчөлөрүн тактоо, насаатчы мугалимдерди аныктоо жана жыл ичинде аткарыла турган иштерге программа түзүү менен башталат. УБнин иш планы жана жылдык иш планын талкуулоо жана бекитүү иши УБ жетекчиси менен мектеп админстрация тарабынан макулдашылат.

Мектептеги ички көзөмөлдүн планынын негизинде ай сайын предметтик декадалар уюштурулган, предметтик декаданын жүрүшүндө предметтик мугалимдер бекитилген иш – пландын негизинде өткөрүлөт. Декаданын алкагында мугалимдер үчүн “ачык эшик” сабактары жарыяланат, дубал газеталар чыгарылат, окуучулар менен класстан тышкаркы иш чаралар ата- энелердин коштоосунда өткөрүлөт. Административдик текшерүүлөр предметтер боюнча билим кесиндилерин алып, мугалимдин ийгилигине талдоо иштерин жүргүзүшөт. Декаданын сонунда окуучуларды предметке кызыктыруу максатында жигердүү катышуучуларга мактоо баракчалары, чакан белектер тапшырылат. Усулдук бирикме жетекчилери чейрек ичинде окуучулардын жазуу дептерлерин, практикалык, лабороториялык иштерине көзөмөл жүргүзүү менен аларды баалоо иштери аткарылат. УБжетекчилери мектеп окуучуларынын күндөлүктөрүн текшерип, мыктысын тандашат. Мыкты окуучуларга ата- энелер, предметтик мугалимдер тарабынан чакан болсо да өздүк белектер тапшырылат.Жолдоштук сабакка катышуу дептери көзөмөлгө алынды. Ал байланыш дептерде жумасына 10 сабактан кем болбогон сабактардын анализдери болушун мектеп администрациясы талап кылат. Окуучулардын окуу жөндөмүнө жараша түзүлгөн жылдык иш план боюнча кошумча сабактардын өтүлүшүн көзөмөлдөө максатында ар бир мугалим өз предметтери боюнча жөндөмдүү жана өздөштүрүүсү жай окуучуларды аныктап чыгышат жана алар менен иштөөдө өзүнчө пландарды түзүшөт. Пландын негизинде предметтик мугалимдер тарабынан төмөнкү иштер аткарылат:

- Окуу кабинеттеринде жөндөмдүү окуучулардын денгээлин көтөрүүгө ылайыктуу материалдарды камтыган картотекалар түзүлүп иштер жигердүү алып барылат.
- Жөндөмдүү жана өздөштүрүүсү жай окуучулардын ата-энелери менен балдарынын өсүү жөндөмдүүлүгү боюнча консультациялар дайыма өткөрулуп турат.
- Жөндөмдүү жана өздөштүрүүсү жай окуучулар менен иштөө отчеттору, өсүү мониторингдери предметтик мугалимдер тарабынан өз учурунда даярдалып анализдер берилип турат.

Жөндөмдүү окуучулар менен дилбаян, баяндамалар иштери жана андан сырткары кошумча адабий китептерди окуу менен байма-бай иштер жүргүзүлгөн. Өзгөчө 1-4-класстарда таза жазуу иши боюнча жана окуп түшүнүү боюнча башталгыч класстарынын мугалимдери ата- энелер менен бирдикте “Келгиле, окуйбуз”

долбоорун ийгиликтүү алып баруу менен, биздин мектептин иш – чаралары семинарларда көрсөтмө катары көргөзүлдү.

Жөндөмдүү жана өздөштүрүүсү жай окуучулар менен иштөө 5-11-класстар кошумча иштерди сабак учурунда алып баруу жагы уюшулган. Окуучулардын каллиграфиясын оңдоо, катасыз жазууга үйрөтүү максатында өзүнчө дептерлер ачылып, кошумча иштер жүргүзүлөт.

Ички көзөмөлдүн планынын негизинде мугалимдер фронталдык текшерүүдөн да өтүп турушат. Бул текшерүүнүн мезгилинде ар бир предметтик мугалимдин өзүнүн предмети боюнча билим сапаты текшерилип, мугалимдин ийгиликтери жана кемчиликтери аныкталат. Өзүнүн предмети боюнча администрация тарабынан усулдук бирикме жетекчилери менен бирдикте мониторинг анализ талдоо иштери жүргүзүлүп, мугалимдерге сунуштама берилип, үзгүлтүксүз усулдук жардамдар насаатчы мугалимдер тарабынан берилет. Өз билимин өркүндөтүү жана кесиптик денгээлин жогорулатуу боюнча мугалимдер үчүн "Усулдук күн" уюштурулган. Бул иш – чаранын алкагында мугалимдер билим жаатындагы жанылыктар, жаңы усулдар,интерактивдүү усулдар, докладдар менен таанышышып маалымат алышат. Бул күнү мугалимдер үчүн актуалдуу болгон темалар каралат. Мисалга алсак "Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары", "Баалоонун түрлөрү, стратегиялары, натыйжалары, көрсөткүчтөрү", "Негизги ченемдик документтер", " Компетентүүлүктөр", "Кайтарым байланыш" ж.б ушул сыяктуу усулдук жанылыктар менен таанышып, баарлашып, талкууга алышат.ар бир бирикменин предмет боюнча дубал газеталар уюштурулган, ал жерге предметтер боюнча кызыктуу материалдар, жанылыктар, маалыматтар илинип турат. Усулдук бирикмелер эксперименталдык аянтчанын үстүндө иш – алып барышат. Мисалы: кыргыз тили жана адабияты сабагынан "Театралдык сабак", тарых сабагынан Жерге-Тал айылыбыздын көрүнүктүү инсандарына жолугушуу, география сабагынан "Айылыбыздын тарыхый жерлери" деген сабактан тышкаркы эксперименталдык аянтча өзүнүн ишин ийгиликтүү алып барат. УБ жетекчилердин пландарына ылайык "Саякат сабактар" өтүлүп турат.

Мисалга алсак "Хан Шырдакбек" баатырдын Чолок-Кайың айылында жайгашкан чбин окуучуларга көрсөтүү боюнча география мугалими Шаршенбекова Тажыгүл иш алып барды., тарых сабагынын мугалими Карбозова Гулнара Ошол эле Чолок-Кайың айылындагы мектеп музейине окуучуларды алып барып саякат сабагын өттү.

**Мектептеги мугалимдер командасы райондук, областык иш – чараларга жигердүү катышып байгелүү орундарга ээ болушкан:**

1. 2019-2020- окуу жылында «Жыл мугалими» конкурсуна башталгыч класстын мугалими Кенжебаева Жанаркүл райондук кароо сынагына катышып, 2-орунду камсыздап, 10 000 (он миң) сомдук сертификат жана "Чыгармачыл мугалим" номинациясына ээ болгон.
2. 2021-2022-окуу жылында математика мугалими Касмалиева Айнура "Жыл мугалими" райондук кароо сынагына катышып, "Активдүү катышуучу" номинациясы менен "Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги" төш белгиси менен сыйланган.
3. 2021-2022-окуу жылында англис тили мугалими Акунсартова Айгул "Жыл мугалими" аттуу райондук кароо сынагында "Активдүү катышуучу" деген номинациясын алып, Райондук билим берүү бөлүмүнүн "Ардак Грамотасы" менен сыйланган.
4. 2021-2022-окуу жылында физика мугалими Саякбаева Назира Астрономия сабагы боюнча "эң мыкты онлайн сабак" даярдап, конкурска катышып, жеңүүчүгө ээ болуп, мектепке "Телескоп" утуп алган.

Окутуунун натыйжалуулугун арттыруу үчүн аткарылган иштер ай сайын УБнин жетекчиси тарабынан отчет анализдер жазылып, УКнин жыйналышында талкууланат жана усулдук бирикменин жыйынтыгы токтомдордо көрсөтүлүп кийинки айга милдеттер кабыл алынат. Усулдук бирикме жетекчилери мектеп администрациясы менен ишенимдүү командада мектептин окутуп тарбиялоо иштерин үзгүлтүксүз алып барышат. Устат жана шакирт иши жолго коюлган. Тагыраагы насаатчы мугалимдер жаш мугалимдерге усулдук жактан жардам көрсөтүү иши жүргүзүлүп турат.

Төмөндө насаатчы болуп бектилген мугалимдер , жаш мугалимдерге иш кагаздар боюнча, окутуп тарбиялоо иштери боюнча жардамдашуу боюнча документ уюштуруп, жардам көргөзүшүп, ар бир жаш мугалимге педагогикалык психологиялык, усулдук жардам көргөзүүгө жооптуу болуп бектилген.

1.Мухамбет кызы Асем-башталгыч класстын мугалимине насаатчысы, Биримкулова Рахатбү

2. Темирбек кызы Майрамкүл-орус тили мугалимине насаатчысы, Шыгаева Алтынай.

3. Кенешбек кызы Нургул – химия мугалимине насаатчысы, Мамиева Ширин.

Насаатчы мугалимдердин девизи- "Бүгүнкү шакирт - эртенки устат".

Насаатчылык–педогогикалык тажрыйба менен бөлүшүүнүн бир формасы болуп саналат, анын жүрүшүндө ишмердигин жаңы башталган же колдоого муктаж педагог усулдук ыкмаларды устат педогогдун жетекчилигинин алдында иш жүзүндө өздөштүрөт.

**Насаатчылар кеңешинин функциялары.**

1.Насаатчыларга коюлуучу бирдиктүү талаптарды иштеп чыгат.

2.Насаатчылык тажрыйбасын жалпылоо жана жамааттык баа берет.

3.Насаатчылардын кесиптик даярдыгын жогорулатууну уюштурат.

4.Насаатчылыктын натыйжалуулугу, усулдук иштелмелерди жана сунуштарды даярдоо менен байланышкан көйгөйлөрдү изилдейт.

**Насаатчылар кеңешинин милдеттери.**

1.Насаатчылар резервин тандоого жана жаратууга катышат

2.Насаатчыларга усулдук жана практикалык жардам көрсөтөт.

3.Насаатчылардын алдыңкы иш тажрыйбасын изилдөө, жалпылоо жана жайылтат.

4.Чогулуштарда насаатчылардын жана жаш адистердин аткарган иштери жөнүндөгү отчетторду угат.

Насаатчынын жаш адис менен алып баруучу ишинин планы, жаш адистин кесиптик өнүгүүсү боюнча иш – чаралар жыйнагы жана насаатчылыктын натыйжалуулугунун критерийлери түзүлөт. Жаш адистердин кесиптик жактан өөрчүүсүнө көмөк көрсөтүү ошондой эле окуу-тарбия жана усулдук иштерине байланышкан милдеттерди жогорку деңгээлде аткарууга жөндөмдүү чебер мугалимдер дайындалат. Насаатчылар мектепте резерв тандоого жана жаратууга катышат. Жаш кадрларга усулдук жана практикалык жардам көрсөтүлөт, ошол эле убакта насаатчылардын алдынкы иш – тажрыйбасы изилденип жалпыланып жайылтылат. Чогулуштарда насаатчылардын жана жаш адистердин аткарган иштери жөнүндө отчеттору угулат.

Мектепте насаатчы мугалимдер жаш мугалимдер менен тыгыз байланышта иш алып барат. Мисалга алсак жыл башында окуу планы,программасы жөнүндө маалымат берет. Ошондой эле өндүрүштүк планды тактоо жолдорун түзүү,уюштуруу,класстык журналдарды толтуруу,чейректик бааларды чыгаруу жолдорун, жылдык чейрек чыгарууну,класстан класска көчүрүү экзамендерин өткөрүүнү үйрөтөт.Көрсөтмө куралдарды,дидактикалык материалдарды жасап,пайдалана билүүсүн,техникалык

каражаттарды колдонуунун ыкмаларын үйрөтөт, мугалимдердин сабактарына кирип,сабака анализ чыгарып билүүнү үйрөтөт,класс менен иш алып баруунун ыкмалары менен тааныштырат жана түшүндүрөт,окуунун усулдары жөнүндө жалпы маалымат берип, сабактарды ар кандай усулдарды пайдаланып өтүүнү үйрөтүп, саякат сабактарды өтүүнүн усулдарын үйрөтөт.

Ал эми жаш адис – бул тийиштүү беш жылдан аз убакыт иштеген адис. Жыл башында Жаш адистин өздүк маалыматы такталып. Предметтик программа менен таанышытырылат. Журнал менен иштөө, күндөлүк жана окуучулар менен иштөөнү, окуучунун билимин туура баалоо критерийлери менен иштешет. Жаш адис мектептеги, райондук, облустук семинарларга тынымсыз катышып турат. Жаш адистин өз ара сабакка катышуу графиги түзүлүп, көзөмөлгө алынат. Жаш адистин сабак өтүүсүнө методикалык жардамдар мектеп администрациясы тарабынан да байма бай көрсөтүлүп турат. Ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иш чараларды көрсөтмөлүү өтүүгө үйрөнүшөт. Жаш адистердин иштери боюнча, насаатчы мугалимдердин отчет анализинде каралат.

Усулдук бирикмелер мектеп жетекчилиги менен бирдикте окуучулардын билим сапатын, жетишүүсүн жана предметтик компетенттүүлүктөрүн жакшыртуу, текшерүү максатында утурумдук, чейрек сайын экзамен, зачетторду, административдик текшерүү иштерин алып, мугалимдер менен иш жүргүзүп келет.

Негизги окуу программаларын, мамлекеттик билим берүүчүлүк стандарттын ишке ашырууга да мектепте 4 усулдук бирикме чоң салым кошот. Ар бир усулдук бирикме окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнүн спецификасына карата баланы активдештирүү үчүн, адеп-ахлактуу чөйрөнү түзүүнүн үстүндө иш алып барышат. Усулдук биримелерге коюлган максат: «Мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн өсүшү, окуучулардын инсандык өсүшүнүн, окуу-тарбия процессин жакшыртуу шарттарды ишке ашыруу» Ар бир усулдук бирикме сабактар боюнча декадаларды даярдап өткөрүшөт. Предметтик декадалар ар бир сабактарды толук ачууга, окуучуларды кызыктырууга, ата-энелерди класстан тышкаркы иш-чаралары аркылуу мектепке тартууга мүмкүнчүлүк берет.

Жогоруда көрсөтүлгөн окутуу максаттары мугалимдердин жана окуучулардын интеллектуалдык деңгээлдерин тематикалык семинарлар, усулдук бирикмелердеги докладдар, тажрыйба алмашуу, ачык сабактар, алдыңкы мугалимдердин мастер класс сабактары аркылуу жогорулатууга, окутуунун сапатын, окутуу шарттарын жакшыртууга, мектептин окуу- материалдык-техникалык базасын чыңдоого жана ошондой эле окуучуларды тарбиялоого, алардын билим сапатын, билгичтик, көндүмдөрүн турмушка болгон даярдыгын калыптандырууга багытталган.

Мектеп ата- энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу, мектеп менен үй - бүлөнүн байланышын бекемдөө жана тарбиялоо потенциалын көтөрүү максатында ата-энелер менен иш алып барууну жекелик, топтук жана массалык түрдө иштеп келет. Педагогикалык жамаат ата- энелердин мектептеги тарбиялоо процесси жөнүндөгү оюн дайыма эске алат. Ушул максатта анкетирлөө, сүйлөшүүлөр жана сурамжылоолор өткөрүлөт. Ата- энелер класс жетекчини жана соц.педагогду пайда болгон суроолор жана проблемаларды чечүүдөгү эн биринчи жардамчы катары бөлүп карашат. Мектептин жана класстын ичиндеги ата- энелер тарабынан уюштурулган жана өткөрүлгөн тарбиялык иш- чаралар жогорку баага татыктуу.Мектепте дайыма жалпы мектептик ата- энелер жыйналышы өткөрүлүп турат. Алардын жалпы максаты үй-бүлөнүн тарбия потенциалын көтөрүү жана анын эффективдүү калыптанышы үчүн шарттарды түзүү.

**Корутунду:**

1. 2022-2023-окуу жылынын программалык материалы окуу жылынын бардык предметтери боюнча бөлүндү.
2. Мугалимдер өздөрүнүн квалификациясын жогорулатуу боюнча системалуу түрдө иш алып барышат.
3. Өзүн-өзү элестетүүнү өркүдөтүү боюнча иштер киргизилүүдө
4. Окуучулардын билим сапаты жана билим денгээли орто денгээлде. Системалуу иштөөнү жана контролдоону талап кылат.
5. Бардык сабактар эрежеге ылайык өттү, пландардын аткарылышы көзөмөлгө алынган.

**Жетишкендиктер менен бир айрым жетишпеген жактарды белгилеп кетүү керек, мисалы:**

1. Мугалимдер ар дайым эле сабактарды тандап ала алышпайт, туура идеология, окутуу методдорунун формалары, индивидуалдык жөндөмдүүлүктөрүн эсепке албастан, орточо окуучуга жайылтылат.
2. Предметтер боюнча олимпиадага даярданууда таланттуу балдардын ишинин жетишсиз уюштурулушу.

**Итикул Молдобаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин окуу процессинин милдеттери:**

1. Сабак өтүүдө инновациялык технологияларды колдонуп, электрондук сабактарды өтүүнү үйрөнүү, электрондук китеп түзүү.
2. Интерактивдүү методдорду дагы кенири колдонуу.
3. Ар бир өтүлгөн сабакка жыйынтык чыгарууну, өзүнө-өзү анализ берүүгө терендетүү.
4. Сабактын структурасын так, дана сактооого, сабактын максаттарын туура коюп, ишке ашуусун анализдеп мониторинг чыгара билүүнү терендетүү.
5. Билим сапатын жакшыртуу максатында окутуунун жаңы ыкмаларын колдонуу менен сабактарга окуучулардын кызыгууларын арттыруунун үстүндө эмгектенүү.
6. Өз билимин өркүндөтүү курстарынан өтүү.
7. Окуучуларга замандын талабына жараша тарбия берүү.
8. Жөндөмдүү жана өздөштүрүүсү жай окуган окуучулар менен иштөөнү терендетүү, конторолду күчөтүү, олимпиадада ийгиликке жетишүү.
9. Инновациялык технологияны колдонууну турукташтыруу, аудио-видео сабактарды пайдалануу.
10. Окуучуларды олимпиадага даярдоо боюнча кичи экзамендерди өткөрүү.

Окуу бөлүмүнүн башчысы:______________Куштарбек кызы Г